**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТОКТОГУЛ РАЙОНУ**

**ТОКТОГУЛ ШААРДЫК МЭРИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОКТОГУЛЬСКИЙ РАЙОН**

**МЭРИЯ ГОРОДА ТОКТОГУЛ**

# ТОКТОМ

14.08.2024ж №54 Токтогул шаары

## 2024-жылдын жергиликтүү бюджетине толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 токтому менен бекитилген "Пилоттук режимде административдик –аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө" убактылуу жобонун 9- бөлүмүнүн 1-бөлүмчөсүнө ылайык, Токтогул шаарынын 2024-жылдын жергиликтүү бюджетине толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү максатында **токтом кылам :**

1. Токтогул шаарынын 2024-жылдын жергиликтүү бюджетине толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 25.04.2024ж №195-т тескемесине ылайык бюджетке түшкөн 12696500 (он эки миллион алты жүз токсон алты миң беш жүз) миң сом акча каражаты Токтогул шаарынын башкы планын чийдирүүгө жумшалсын.
3. Планга өзгөртүү жана толуктоо киргизүү Токтогул шаарынын мэриясынын финансы экономика бөлүмүнүн башчысы Э.Сооронбековага милдеттендирилсин.
4. Токтом мамлекеттик тилде кабыл алынды.
5. Токтомду мыйзамда каралган тартипте каттоого алуу, көчүрмөсүн тиешелүүлүгүнө жараша жөнөтүү, мамлекеттик реестрге киргизүү боюнча иштерди аткаруу жагы аппарат жетекчи Т.Шатманалиевге милдеттендирилсин.
6. Бул токтом Токтогул шаарынын веб сайтына жайгаштырылган күндөн баштап күчүнө кирет.

Мэр Б.Максутбаев

Э.Сооронбекова